УДК 342.815
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-484-489

Аттокурова А.Т.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Аттокурова А.Т.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Attokurova A.T.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛООНУН АЛКАГЫНДА ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ
ПРОБЛЕМЫ НАБЛЮДЕНИЯ ЗА ВЫБОРАМИ И ПУТИ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ ИЗБИРАТЕЛЬНОГО ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВА В УСЛОВИЯХ РЕФОРМИРОВАНИЯ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
PROBLEMS OF ELECTION OBSERVATION AND WAYS TO IMPROVE ELECTORAL LEGISLATION IN THE CONTEXT OF ELECTORAL SYSTEM REFORM IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Кыргыз Республикасынын шайлоо процессиндеги байкоочулар институтунун укуктук макамы талдоого алынат, өзгөчө көңүл коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) тарабынан дайындалган коомдук байкоочулардын абалына бурулат. 2017-жылы шайлоолор жөнүндө конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр каралып, алардын натыйжасында КЭУдан келген байкоочулардын укуктары талапкерлерден жана саясий партиялардан дайындалган байкоочулардын укуктарына салыштырмалуу олуттуу түрдө чектелгени белгиленет. Айрыкча коомдук байкоочуларды шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу укугунан ажыратууга, аларды аккредитациялоонун уруксат берүүчү тартибин киргизүүгө, ошондой эле шайлоо участкаларындагы байкоочулардын санына коюлган чектөөлөргө өзгөчө көңүл бурулат. Макалада көрсөтүлгөн мыйзамга киргизилген толуктоолордун жана өзгөртүүлөрдүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ошондой эле эл аралык милдеттенмелерине, анын ичинде ЕККУнун (ОБСЕ) шайлоо стандарттарына жана КМШ өлкөлөрүндөгү демократиялык шайлоолор жөнүндө Конвенцияга шайкештиги талданат. Натыйжада, киргизилген чектөөлөр теңчилик, айкындуулук жана шайлоолордун ачыктыгы принциптерин бузары, коомдук байкоо институтунун натыйжалуулугун төмөндөтөрү жана коммерциялык эмес сектордун ишмердүүлүгүнө коркунуч жаратары негизделет. Макаланын жыйынтыгында шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүүгө багытталган сунуштар берилип, байкоочулардын укуктарындагы тең салмактуулукту калыбына келтирүү жана шайлоо процессинин чыныгы ачыктыгын камсыз кылуу зарылдыгы негизделет.

Аннотация: В статье анализируется правовой статус института наблюдателей в избирательном процессе Кыргызской Республики, с особым акцентом на положение общественных наблюдателей, направляемых некоммерческими организациями. Рассматриваются изменения в конституционное законодательство о выборах, внесённые в 2017 году, которые существенно ограничили права наблюдателей от НКО (некоммерческих организаций) по сравнению с наблюдателями от кандидатов и политических партий. Особое внимание уделяется лишению общественных наблюдателей права на обжалование решений и действий (бездействия) избирательных комиссий, введению процедуры их аккредитации, а также ограничениям по количеству наблюдателей на избирательных участках. В статье проводится анализ соответствия указанных нововведений Конституции Кыргызской

Республики, международным обязательствам страны, включая стандарты ОБСЕ и Конвенцию СНГ о демократических выборах. Обосновывается вывод о том, что установленные ограничения нарушают принципы равенства, гласности и прозрачности выборов, снижают эффективность общественного наблюдения и создают угрозы для деятельности некоммерческого сектора. В заключение формулируются предложения по совершенствованию избирательного законодательства, направленные на восстановление баланса прав наблюдателей и обеспечение реальной прозрачности избирательного процесса.

Abstract: This article examines the legal status of the institution of election observers in the electoral process of the Kyrgyz Republic, with particular emphasis on public observers nominated by non-commercial (non-profit) organizations. The study analyzes amendments introduced to the constitutional election legislation in 2017, which significantly restricted the rights of observers from non-commercial organizations in comparison with observers representing candidates and political parties. Special attention is paid to the deprivation of public observers' right to appeal against decisions and actions (or inaction) of election commissions, the introduction of a permissive accreditation procedure, and quantitative limitations on the number of observers at polling stations. The article assesses the compliance of these legislative changes with the Constitution of the Kyrgyz Republic as well as with the country's international obligations, including OSCE electoral standards and the CIS Convention on Standards of Democratic Elections, Electoral Rights and Freedoms. It is argued that the imposed restrictions violate the principles of equality, transparency, and openness of elections, reduce the effectiveness of public election monitoring, and create risks for the functioning of the non-commercial sector. The article concludes with proposals aimed at improving electoral legislation, restoring the balance of observers' rights, and ensuring genuine transparency of the electoral process.

Негизги сөздөр: шайлоо мыйзамдары; шайлоо; шайлоо процесси; коомдук байкоочулар

Ключевые слова: избирательное законодательство; выборы; избирательный процесс; общественные наблюдатели

Keywords: electoral legislation; elections; electoral process; public observers

Жашоого жөндөмдүү демократия улуттук турмуштун ажырагыс бөлүгү катары демократиялык баалуулуктардын жана практиканын, ошондой эле демократиялык институттардын кеңири чөйрөсүнүн болушуна көз каранды [1]. Алардын катарына байкоочулар институту да кирет. Мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү жарандык сектордун активдүүлүгүнүн деңгээлине, ошондой эле шайлоолордун ачыктыгына жана эркин өткөрүлүшүнө түздөн-түз байланыштуу. Бул болсо шайлоолорду өткөрүүгө жарандык сектор, өзгөчө байкоочулар тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөлгө көз каранды. Байкоочулардын ролу жетишерлик маанилүү болуп, акыркы жылдары шайлоо укуктук мамилелеринде активдүү өнүгүп келет жана практиканын көрсөтүшүнчө, шайлоолордун адилеттүү, ачык жана тунук өткөрүлүшүнө өбөлгө түзүп, калктын шайлоолорго болгон ишеним деңгээлин жогорулатат.

Шайлоо процессинде өзгөчө көңүл бурууну талап кылган маанилүү этаптардын бири — добуш берүү, жыйынтыктарды чыгаруу жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жол-жоболору болуп саналат. Атап айтканда, сөз шайлоолор учурунда байкоочулардын ролу тууралуу болот, алардын негизги функциясы — шайлоолордун мыйзамдуулугунун сакталышын көзөмөлдөө. Өнүгүүнүн азыркы этабында байкоочулардын ыйгарым укуктары мыйзамдык деңгээлде жөнгө салынат. Ошол эле учурда шайлоо мыйзамдарында шайлоо укугу чөйрөсүндө мыйзамдын сакталышын толук көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк бербеген бир катар кемчиликтер бар. Бул институтту жөнгө салууда 2011-жылдын 2-июлунда кабыл алынган № 68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык мыйзам өзгөчө мааниге ээ. Каралып жаткан конституциялык мыйзамга байкоочулардын статусуна байланыштуу тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор бир нече жолу киргизилген.

Азыркы учурда мыйзамда байкоочулардын үч категориясы көрсөтүлгөн:

– эл аралык байкоочу — чет өлкөлүк же эл аралык уюмду өкүлчүлүк кылган, Кыргыз Республикасында шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү укугуна мыйзамда белгиленген тартипте ээ болгон адам;

– байкоочу — талапкер же талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия тарабынан дайындалган, шайлоолорду даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоого жана шайлоонун натыйжаларын белгилөөгө мыйзамда каралган тартипте байкоо жүргүзгөн адам;

– коомдук байкоочу — Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюму тарабынан дайындалган, шайлоолорду даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоого жана шайлоонун натыйжаларын белгилөөгө мыйзамда каралган тартипте байкоо жүргүзгөн адам [2].

2017-жылдын июнь айында мыйзамга коммерциялык эмес уюмдар тарабынан жиберилген байкоочулардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган жаңы 10-1-берене — «Коомдук байкоочулар» киргизилген.

Талапкерлерден жана саясий партиялардан дайындалган байкоочулардан коммерциялык эмес уюмдардан (мындан ары — КЭУ) дайындалган байкоочулардын негизги айырмачылыгы — акыркылары 10-1-берененин 16-пунктунун 6-бөлүгүнө ылайык шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында эркин жүрүү жана каалаган участоктордо катышуу укугунан ажыратылган, ошондой эле алар жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу укугуна ээ эмес. Ошол эле учурда ЕККУнун алкагындагы милдеттенмелерге ылайык шайлоо мыйзамдары шайлоо процессинин бардык этаптарына тоскоолдуксуз байкоо жүргүзүүнү камсыздоого тийиш, ал эми байкоочулардын укуктары БШКнын чечимдери же административдик тоскоолдуктар менен чектелбеши керек [3].

Бул өзгөртүүлөрдү негиздөө катары демилгечилер коммерциялык эмес уюмдардан (КЭУ) дайындалган байкоочулар объективдүү боло албайт деген жүйөнү келтиришкен, анткени алар добуш берүү укугуна ээ. Мындан улам, КЭУдан келген байкоочу өзүнүн байкоочу катары ыйгарым укуктарын, айрыкча шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу укугун, өзү добуш берүүнү пландап жаткан талапкердин же талапкерлердин тизмесинин пайдасына же болбосо «баарына каршы» позициясынын кызыкчылыгында кыянаттык менен колдонушу мүмкүн деген тыянак чыгарылат.

Шайлоо комиссияларынын чечимдерин макулдашылган түрдө даттануу аркылуу КЭУдан келген байкоочулар өз аракеттери менен шайлоочулардын чыныгы эркин аныктоо процессин иш жүзүндө дезорганизациялоого да жөндөмдүү. Бул жагдайлар шайлоолордун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө ниеттенген КЭУларга бир талапкерди же болбосо «баарына каршы» позициясын колдоо максатында сүйлөшүп алуу мүмкүнчүлүгүн ачат. Мындай сүйлөшүп алууну шайлоого катышып жаткан талапкерлердин же саясий партиялардын ортосунда болжолдоо кыйла татаал болсо, КЭУлардын ортосунда мындай макулдашуу мүмкүнчүлүгү салыштырмалуу жогору деп эсептелет, анткени алардын ортосундагы тилектештик саясатчылар арасындагы тилектештикке караганда көбүрөөк болушу мүмкүн.

Белгилей кетүүчү жагдай, Кыргыз Республикасында иш алып барган КЭУлар чөйрөсүндө аталган мыйзамдык жаңылыктар олуттуу резонанс жараткан. Каршы пикир катары төмөнкү жүйөлөр келтирилүүдө:

– биринчиден, эгерде КЭУдан дайындалган байкоочу шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине же аракетсиздигине даттануу укугунан ажыратылса, анда шайлоолор маалында көз карандысыз байкоо жүргүзүүнүн маңызы толугу менен жоголот. Мындай шартта КЭУ байкоочусунун функциялары «статисттин» ролуна чейин кыскарып, ал мыйзам бузуулар болуп жатканын көрүп турса да, кайдыгер жана унчукпай гана байкоо жүргүзгөн адамга айланып калат. Демек, КЭУ байкоочусу

шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктап жана каттаган учурда да, аны алдын алууга же жоюуга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат, буга принципиалдуу түрдө жол берүүгө болбойт;

– экинчиден, демилгечилер тарабынан КЭУдан келген байкоочулардын объективдүү эместиги жана шайлоолорду өткөрүүнү дезорганизациялоо максатында уюмдардын сүйлөшүп алууга барышы мүмкүн экендиги тууралуу келтирилген жүйөлөр негизсиз болуп саналат, аларды тастыктаган далилдер да жок. Баарынан мурда, көптөгөн өлкөлөрдө адилеттүү жана таза шайлоолордун өткөрүлүшүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири — шайлоолорго коомдук байкоо жүргүзүү институту болуп эсептелет. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан бери КЭУ байкоочуларынын ортосунда мындай сүйлөшүп алуу фактылары катталган эмес. Мындан тышкары, иш жүзүндө мындайды жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес, анткени даттануулар боюнча чечимдер жогору турган шайлоо комиссиялары жана соттор тарабынан кабыл алынат. Байкоонун объективдүүлүгүнө токтоло турган болсок, анын деңгээли саясий партиялардан дайындалган байкоочуларга салыштырмалуу КЭУдан келген байкоочуларда кыйла жогору, анткени саясий партиялардын байкоочулары шайлоо мыйзамдарынын бузулушу өздөрүнүн талапкеринин же партиясынын пайдасына болуп жаткан учурда аң-сезимдүү түрдө аракетсиз калышы мүмкүн. Ошондой эле белгилеп кетүү зарыл, сунушталып жаткан өзгөртүүлөр саясий партиялардын өкүлдөрү тарабынан киргизилген. Бул жагдай саясий партиялар коомчулуктун шайлоо процессине тийгизген таасирин чектөөнү көздөп жаткандыгын айкын көрсөтүп турат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим жана маданият боюнча комитетинин корутундусунда КЭУдан дайындалган байкоочуларды шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу укугунан ажыратуу Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу мамлекеттердеги демократиялык шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Конвенциянын 14-беренесинин 3-бөлүгүнө каршы келери көрсөтүлгөн. Аталган Конвенция Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 1-августундагы № 185 Мыйзамы менен ратификацияланган. Ушундан улам, Комитет мындай карама-каршылыкты аныктаганына карабастан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бул сунуш менен кантип макул болгон деген суроо жаралат.

Даттануу укугун алып салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-пунктуна каршы келет, анда сот аркылуу коргонуу укугу түздөн-түз бекитилген. Мындан тышкары, КЭУдан дайындалган байкоочунун даттануу укугунун жоктугу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык мыйзамына да түздөн-түз карама-каршы келет. Тактап айтканда, аталган мыйзамдын 44-беренесинин 2-бөлүгүндө: «Шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) каршы арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү, байкоочулар кайрыла алышат», — деп белгиленген.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 10-1-беренесинин 6-бөлүгүндө КЭУдан дайындалган байкоочунун укуктарынын тизмеси көрсөтүлгөн. Эгерде шайлоо комиссиясы бул укуктардын бирин бузса, мисалы, КЭУ байкоочусуна видеого же сүрөткө тартууга тыюу салса же добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу протоколдун көчүрмөсүн берүүдөн баш тартса, анда мындай учурда байкоочу өз укуктарын калыбына келтире албайт, анткени ал даттануу укугунан ажыратылган. Натыйжада, анын укуктарын бузган адамдар эч кандай жоопкерчиликке тартылбай калышат.

Демек, КЭУ байкоочуларынын укуктарын чектөөгө байланышкан маселелерди мыйзамга ылайык келтирүү зарыл, тактап айтканда, аталган конституциялык мыйзамдан бул өзгөртүүлөрдү алып салуу талап кылынат.

Мындан тышкары, каралып жаткан өзгөртүүлөрдүн алкагында КЭУдан (коммерциялык эмес уюмдардан) дайындалган байкоочуларды аккредитациялоо жол-жобосу негизсиз түрдө киргизилген [4]. Көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча, бул аккредитациянын негизги максаты — коммерциялык

эмес уюмдардын шайлоолордо байкоо жүргүзүүсү үчүн кошумча административдик тоскоолдуктарды түзүү болуп саналат. Анткени талапкерлерден жана саясий партиялардан байкоочуларды жөнөтүү жол-жобосу билдирүү мүнөзүндө болсо, КЭУдан байкоочулар үчүн ал уруксат берүүчү мүнөзгө ээ. Бул жаңычылдыктардын негизги багыты — шайлоолордо коомдук байкоо жүргүзүүгө КЭУлардын катышуусун мүмкүн болушунча чектөө максатында административдик тоскоолдуктарды жаратуу.

Мыйзамдарда КЭУ байкоочуларын аккредитациялоо жол-жобосунун болушу, ошондой эле бул жол-жобонун так жөнгө салынбаганы абийирсиз шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө шайлоолордогу өз мыйзам бузууларын жашыруу максатында бардык мүмкүн болгон ыкмаларды колдонуп, КЭУ байкоочусунун аккредитациядан өтүшүнө тоскоолдук кылууга же аккредитациясын кайтарып алуу менен коркутууга шарт түзөт. Мыйзамдагы так эместиктер бул учурда кошумча тоскоолдуктарды жаратууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Атап айтканда, шайлоо комиссиялары КЭУ байкоочуларынан негизсиз түрдө КЭУнун уставдарынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, шайлоолорго байкоо жүргүзүүгө катышуу тууралуу КЭУнун чечимдерин, ошондой эле башка кошумча документтерди талап кылышы мүмкүн. Мындай учурда формалдуу талаптарга дал келбейт деген ойдон чыгарылган шылтоо менен аккредитация берүүдөн баш тартылышы ыктымал.

Аккредитация берүүдөн баш тартылган же аккредитация шайлоо комиссиясы тарабынан кайтарып алынган учурда, КЭУдан дайындалган байкоочулардын бул чечимдерге даттануу мүмкүнчүлүгү жок, бул болсо Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген сот аркылуу коргонуу укугуна толук каршы келет.

Мындан тышкары, КЭУ байкоочулары үчүн талапкерлерден жана саясий партиялардан дайындалган байкоочуларга салыштырмалуу байкоочуну жөнөтүү тууралуу алдын ала билдирүү талап кылынбайт деген жобо колдонулбайт. Бул болсо КЭУ байкоочулары байкоо жүргүзө баштаганга чейин милдеттүү түрдө алдын ала аккредитациядан өтүшү зарыл экенин билдирет.

Мындан тышкары, талапкерден, саясий партиядан жана коммерциялык эмес уюмдардан (КЭУ) жиберилүүчү байкоочулардын эң көп санына байланыштуу чектөөлөр да аныкталган. Тактап айтканда, сунушталып жаткан өзгөртүүлөргө ылайык, талапкерлер жана саясий партиялар бир шайлоо участогуна экиден ашпаган байкоочу жибере алышат, бирок добуш берүүчү жайдын ичинде бир эле байкоочунун болушуна уруксат берилет. Ал эми коммерциялык эмес уюмдар мындай укуктан ажыратылып, бир шайлоо участогуна болгону бир гана байкоочу жибере алышат.

Жарандык сектордун өкүлдөрүнүн позициясы боюнча, бул өзгөртүүлөр шайлоолорду өткөрүүнүн ачыктыгын төмөндөтүүгө жана шайлоолордо байкоо жүргүзүү институтунун натыйжалуулугун азайтууга багытталган [5]. Шайлоолор учурунда байкоочулар негизинен эки шайлоо жол-жобосуна кылдат байкоо жүргүзүшөт. Биринчиси — шайлоочуну идентификациядан өткөрүү жол-жобосу, экинчиси — добуш берүү жол-жобосу. Бул жол-жоболор шайлоо участогунун ар кайсы бөлүктөрүндө жүргүзүлөт жана бир байкоочунун бир эле учурда эки жол-жобого тең байкоо жүргүзүүсү физикалык жактан мүмкүн эмес. Эгерде байкоочу шайлоочуну идентификациядан өткөрүү жол-жобосуна байкоо жүргүзүп жатса, анда ал автоматтык түрдө добуш берүү жол-жобосуна байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт жана тескерисинче. КЭУлар үчүн белгиленген бир шайлоо участогуна бир байкоочу деген квота, добуш берүү эртең мененки саат 8:00дөн кечки саат 20:00гө чейин жүргүзүлөрүн эске алганда, алардын табигый муктаждыктарын да канааттандыруу мүмкүнчүлүгүн иш жүзүндө жокко чыгарат.

Албетте, байкоочулардын эң көп санын мыйзамдык деңгээлде жөнгө салуу зарыл, бирок мындай чектөөлөр акылга сыярлык жана пропорционалдуулук принциптеринен келип чыгышы керек жана жалпы алганда шайлоолордо байкоо жүргүзүү институтунун натыйжалуулугун төмөндөтпөшү тийиш.

Ошентип, участкалык шайлоо комиссиясына (УШК) саясий партиялардан, талапкерлерден, ошондой эле коомдук (коммерциялык эмес) уюмдардан жиберилүүчү байкоочулардын санын төрт адамдан ашырбоо сунушталат. Бир шайлоо участогундагы байкоочулардын саны менен байкоочулардын ишинин натыйжалуулугунун ортосундагы тең салмактуулукту сактоо максатында, мыйзамдык деңгээлде бир саясий партиядан, талапкерден же коммерциялык эмес уюмдан добуш

берүүчү жайдын ичинде бир эле учурда экиден ашпаган байкоочунун болушуна уруксат берүү укугун бекитүү зарыл.

Ушундан улам, Кыргыз Республикасында шайлоолордун ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу принцибин ишке ашыруу, сыягы, өкмөттүк эмес, эл аралык жана мамлекеттик секторлордун ортосундагы талаш-тартыштар үчүн аянтча болуп калууда, мында ар бир тарап өз кызыкчылыгын көздөйт. Жогоруда саналып өткөн аспектилердин негизинде, алардын демократиялык шайлоолордун концепциясына толук жооп бербестигин жана коммерциялык эмес сектордун ишмердүүлүгүнө белгилүү бир коркунуч жаратып жатканын айтууга болот.

Анализ көрсөткөндөй, байкоочулардын укуктук макамына байланыштуу колдонулуп жаткан ченемдерде талапкерлерден жана саясий партиялардан дайындалган байкоочуларга салыштырмалуу КЭУдан дайындалган байкоочулардын тең эмес абалын бекиткен өзгөртүүлөр орун алган. Бул болсо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө каршы келет.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу: Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 Конституциялык Мыйзамы // Эркин-Тоо. – 2017. – 6-июнь.
2. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-октябрындагы № 97 Конституциялык Мыйзамы.
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер үчүн колдонмо [Электрондук ресурс]. – URL: https://www.shailoo.gov.kg/ru/rukovodstvo-dlya-kandidatov-v-deputaty-zhk/
4. «Жарандык платформа» коомдук фонду. Активдүү жана пассивдүү шайлоо укуктарын ишке ашыруунун шарттарын өркүндөтүү. – Бишкек, 2019. – [Электрондук ресурс]. – URL: https://platforma.kg/wp-content/uploads/2019/10/Sovershenstvovanie-uslovij-realizatsii-aktivnogo-i-passivnogo-prava.pdf
5. Иманкулов Т. И., Исмаилов Ш. С. Кыргыз Республикасында сот-укуктук реформанын азыркы этабында адилет сот адилеттигине жана адамдын коопсуздугуна болгон укукту камсыз кылуу // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2020. № 1–2 (101–102).– 89–92-бб.

Рецензент: доктор юридических наук, доцент Джумалиев Д.С.

УДК 347.78
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-489-496

Жолдошбек к Гулнур, Макаева Д.Э.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Жолдошбек к Гулнур, Макаева Д.Э.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Zholdoshbek kyzy G., Makaeva D.E.
KNU Jusup Balasagyn